DOI:10.26104/NNTIK.2022.1.6.064

*Кошматова Ж.Ж., Саматова А.А., Шеров Ш.Б., Эргешали кызы А.*

# БАЛДАРДЫН ДЕН-СООЛУГУНА ЖАНА АҢ-СЕЗИМДИК ЖЕТИШКЕНДИКТЕРИНЕ СӨЗДӨРДҮН ТААСИРИ

*Кошматова Ж.Ж., Саматова А.А., Шеров Ш.Б., Эргешали кызы А.*

# ВЛИЯНИЕ СЛОВ НА ЗДОРОВЬЕ И СОЗНАТЕЛЬНЫЕ ДОСТИЖЕНИЯ ДЕТЕЙ

*Zh. Koshmatova, A. Samatova, Sh. Sherov, Ergeshali kyzy A.*

# INFLUENCE OF THE WORD ON THE HEALTH AND CONSCIOUS DEVELOPMENT OF CHILDREN

*УДК: 801:809.434.1(043.3)*

*Бул макалада балдардын ден-соолугуна, анын ан-сезимдик жетишкендиктерине сөздүн таасирине байкоо жүргүзүү жана кандай сөздүк ык-машыгуулар аркылуу келечекте ийгиликтүү бала тарбиялоого болорун сөздүн жардамы менен ачып берүү, үй-бүлөдөгү мамилелердин балага тийгизген таасири, коом жана бала, алардын ортосундагы карым-катыштын сөздүн жардамы менен ишке ашуусу иликтенди. Баланын тил билүү жөндөмдүүлүгү, андан ары коом менен мамиле кылуу, өз оюн эркин жеткире билүү ишинде "сөз" кубулушунун орду чон. Анткени, бала ата-энеден жылуу сөздөрдү угуп чонойсо, анда ал балада мээримдүүлүк, бактылуулук сапаттары жетишээрлик денгээлде калыптанат. Эгерде ата-эне баланы сөздүн жардамы менен "бактылуу инсанга" айланта алган болсо, анда ал "бактылуу коомдун" жаратуучулардын бири болуп саналат. Бул бала үчүн да, ата-эне үчүн да, коом үчүн да абдан маанилүү, анткени бактылуу болуп чонойгон бала коомго да бактылуулук тартуулай алат, ата-эненин жана сөздүн орду бала тарбиялоо ишинде бөлүнбөгөн категориялардан. Келечекте баланын ким болуп калыптануусунда ата-эненин жылуу мамилеси жана сөздүн орду чон. Баланын тил байлыгы канча бай болсо, ал өз оюн ошончолук терен жана таасирдүү, жеткиликтүү кылып жеткире алат. Аталган макалада сөздүн керемети менен бактылуу коомду, б.а. бактылуу балдарды тарбиялоого болоорун далилдөө максатын коюп, ошону кайсы бир денгээлде ача алдык деген ойдобуз.*

***Негизги сөздөр:*** *бала, тарбиялоо, сөз, психология, ата-эне, сөз терапиясы, тилдик каражаттар, баланын табияты, үй-бүлө, көз караш, пикир.*

*В данной статье рассматривается влияние речи на здоровье детей, их познавательные достижения, а также посредством словесных упражнений объясняется, как воспитать успешного ребенка в будущем, влияние семейных отношений на ребенка, общества и отношения между ребенком и исследована словесная реализация соотношения ними. Способность ребенка говорить на языке, общаться с социумом, свободно выражать себя играет важную роль в феномене «речь». Ведь если ребенок будет расти, слушая добрые слова родителей, то в нем сформируются качества любви и счастья. Если родитель может с помощью слов превратить ребенка в «счастливого человека», то он является одним из создателей «счастливого общества». Это очень важно и для ребенка, и для родителей, и для общества, ведь ребенок, который растет счастливым, может принести счастье обществу, а роль родителей и слова в деле воспитания ребенка неразделимы. Теплота родителей и роль слова играют важную роль в формировании будущего ребенка. Чем богаче язык ребенка, тем глубже, эффективнее и доступнее будет его речь. В этой статье мы считаем, что нам удалось в какой-то степени раскрыть цель доказательства того, что можно воспитать счастливое общество, то есть счастливых детей, с помощью чуда слова.*

***Ключевые слова:*** *ребенок, воспитание, речь, психология, воспитание детей, логопедия, языковые средства, характер ребенка, семья, взгляды, мнения.*

*This article discusses the impact of speech on children's health, their cognitive achievements, and also explains through verbal exercises how to raise a successful child in the future, the impact of family relations on a child, society and relations between a child, and explores the verbal implementation of the relationship between them. The child's ability to speak the language, communicate with society, freely express himself plays an important role in the phenomenon of "speech". After all, if a child grows up listening to the kind words of his parents, then the qualities of love and happiness will be formed in him. If a parent can turn a child into a "happy person" with words, then he is one of the creators of a "happy society". This is very important for a child, for parents, and for society, because a child who grows up happy can bring happiness to society, and the role of parents and words in raising a child are inseparable. The warmth of parents and the role of the word play an important role in shaping the unborn child. The richer the language of the child, the deeper, more effective and more accessible will be his speech. In this article, we believe that we have succeeded to some extent in revealing the purpose of proving that it is possible to raise a happy society, that is, happy children, with the help of the miracle of the word.*

***Key words:*** *child, upbringing, speech, psychology, upbringing of children, speech therapy, language means, child's character, family, views, opinions.*

Адам баласы бул дүйнөнү, андагы ар бир кубулушту, окуяны, жаңы предметтерди, дегеле жалпы дүйнөнү аң-сезим, кулак, көз, мээ менен кабыл алаары баарыбызга маалым. Мына ошол кабыл алынган маалымат адамдын мээсине сиңип, ал инсанда кайсы бир пикирди, эмоцияны пайда кылат, тагыраагы, ошол жаңы предмет, жаңы түшүнүккө адам баласы өз баасын берет: оң, терс же орток (нейтралдуу) деген үч варианттуу баасы жаралат. Көпчүлүк учурда негизинен кабыл алынган маалымат он же терс болуп бааланат. Бул процесс нерсе таануу же дүйнө таануу деп аталып, адам баласы төрөлгөндөн баштап калыптанат. Айрыкча, аталган кубулуш жаш балдарда өтө активдүү түрдо өнүгөт, анткени ал үчүн бул аалам, андагы ар бир кыймыл жаңы. Ошондуктан балдарда дүйнө

таануу процесси өзгөчө формада өнүгөт. Анткени жаш бала үчүн ар бир тааныган, ар бир кармаган предмети, ал кабылдаган кубулуш, маалымат баладагы жаңы түшүнүктү, жаңы кабылдоону, жаңы көз караштыкамтыйт. Мына ушул учурда балада көз менен кабылдоо иши сөз менен жеткирүү этабына өтөт, бул албетте, алгач бала өзүнүн тил билүү жөндөмүнө жараша ишке ашат, башкача айтканда, бул мезгил ар бир балада ар түрдүүчө калыптанат. Бул албетте, биринчиден ата-эне, тарбия, өз ара мамиле, курчап турган дүйнөсүнөн көз каранды болот. Мисалы, кичинекейинен жомок угуп чоңойгон бала менен жомоксуз чоңойгон баланын ортосунда айырмачылык чон болот. Анткени, бала дүйнөнү чоңдор аркылуу тааныйт, тактап айтканда баланын дүйнө таанымы үчүн биздин ар бир кыймылыбыз, үй-бүлөдөгү мамиле, маанай, балага болгон сүйүү, камкордук бул чоң мааниге ээ. Бала мээримди көз менен алып аны сырткы дүйнөгө сөз, жүрүм-туруму менен кайтарат. Бул процесс табигый кубулуш, анткени ар бир төрөлгөн балада алгач үй-бүлөсүнө тиешелүү маалыматтар топтолот, андан кийин андан сырткаркы кабылдоолор пайда болуп баштайт. Дал ушул процессте, б.а. 0-3 жашында бала өз жөндөмүнө жараша сырткы дүйнөнү тааныйт. Бул процессте бала үчүн үй-бүлө, айрыкча апасы, атасы, анын айланасындагы адамдар, андагы өз ара мамилелер жана аларга тиешелүү ар бир окуялар негизги мааниге ээ. Тактап айтканда, ошол өзүнүн кичинекей чөйрөсүнөн ааламга карай багыт алат же коомдун активдүү мүчөсү болот. Мына ушул этапта ата-эненин ар бир айткан сөзү, жылуу мамилеси орчундуу орунга ээ болот. Анткени балада күн санап сөз запасы жаңы сөздөр, жаңы түшүнүктөр менен толукталат. Ушул учурда балада нерсе, кубулуштар жөнүндөгү көз караштарын түптөөдө, баланын келечекте ийгиликтүү адам болуусуна ата-эненин ар бир айткан сөзү өзгөчө мааниге ээ. Мисалы, алгач балада, айталы “алма” деген предметти таанып-билдүүдө анын кычкыл же даамдуу, кызыл же сары экендигин билгенден сон, ал сөз, пикир алышуу процессине өткөн учурда, ата-эненин милдети баладагы жекелик же бир тараптуу маалыматты сырткы дүйнөгө алып чыгуу болуп эсептелинет. Мында ошол предмет менен бөлүшүү, аны кимдир бирөөгө белек кылуу ж.б.у.с. иш-аракеттери аркылуу балада мээримдүүлүк, камкордук сыяктуу сапаттарды калыптандырууга болот. Бул процесс сөзсүз сөз аркылуу ишке ашат, башкача айтканда, ошол кубулушту айтып берүү, анын маанисин, жашоодогу ордун, анын манызын терен ачып берүү менен аныкталат. Демек, жаш балдарда жакшы сапаттарды, үлгүлүү манераларды калыптандырууда сөз кубулуш абдан чон мааниге ээ.

Түрк окумуштуусу, белгилүү психолог С.Хежебил учурунда бул процессти төмөнкүчө түшүндүрөт: баланын адам катары калыптануусунда сөз, үй-бүлө, достору жана бала таанытбаган чөйрө (сырткы дүйнө) негизги мааниге ээ, баланын өсүп-өнүгүүсү дал ушул чөйрө менен өнүгөт деп белгилейт. Чындыгында, бала дүйнөнү ушул төрт (сөз, үй-бүлө, достору, бейтааныш чөйрө) тараптуу тааныйт [5]. Айрыкча анын тил билүү жөндөмдүүлүгү, андан ары коом менен мамиле кылуу, өз оюн эркин жеткире билүү ишинде “сөз” кубулушунун орду чон. Анткени, бала ата-энеден “менин мээримдүүм, менин жалгызым, менин сыймыгым, менин жашоом, менин ырысым” ж.б.у.с. сөздөрдү угуп чонойгон балада мээримдүүлүк, бактылуулук сапаттары жогорку денгээлде калыптанып чоноет. Эгерде ата-эне баланы сөздүн жардамы менен “бактылуу инсанга” айланта алган болсо, анда ал “бактылуу коомдун” жаратуучулардын бири болуп саналат. Бул бала үчүн да, ата-эне үчүн да, коом үчүн да абдан маанилүү, анткени бактылуу болуп чонойгон бала коомго да бактылуулук тартуулай алат. Демек ушул жааттан караганда, ата-эненин жана сөздүн орду бала тарбиялоо ишинде бөлүнбөгөн категориялардан, аталган эки багыт эриш-аркак чогуу ишке ашуусу керек. Дал ушул учур баланын ким болуп калыптануусунда негизги тепкичтерден экенин баса белгилөө зарыл. Негизи адамда тил байлыгы канча бай болсо, ал өз оюн ошончолук терен жана таасирдүү, жеткиликтүү кылып жеткире алат. Ошол үчүн, балага кичинекейинен ага тааныш эмес сөздөрдүн маанисин түшүндүрүү, тилдин бардык каражаттарын колдонуу менен балада мыкты тил билүүчүлүк сапатын ойготууга болот. Тагыраагы, балада ораторлук, чечендик, эн негизгиси – өз оюн эркин жана көркөм жетирүүгө жетишүү. Анткени көпчүлүк балдар өз оюн айт албай кыйналышат, ошол сезимин туюндурган сөздү таба алышпай, жыйынтыгында кем сөз болуп калыптанып калышат. Балада канчалык сөздүк кору (запасы) бай болсо, анда ошончолук өз оюн билдире билүү жөндөмдүүлүгү жогорулайт.

Тарбия, туура тарбиялоо маселеси азыркы күндө дагы деле актуалдуулугун жоготпой келатат. Буга чейин “тарбия” жаатында көптөгөн атайын илимий изилдөөлөр, фундаменталдык эмгектер, окуу китептери, окуу куралдары болгону менен, бүгүнкү күнгө чейин айрым түшүнбөстүктөрдү, тактоону талап кылган, суроону жараткан жагдайлар жок эмес. Демек балдарды тарбиялоо маселеси ар тараптуу дагы да изилденүүгө муктаждыгы бала менен ата-эненин ортосундагы пикир келишпестик, бала менен мугалимдин ортсундагы пикир келишпестик, бала менен балдар ортосундагы пикир келишпестик жана алардын кесепеттери сыяктуу коомдун терс көрүнүштөрүнөн көрүнүп турат. Ошол үчүн да “тарбия” мсаелеси көп катмардуу, татаал кубулуш. Биздин максат – тарбия анын ичинде балдарды калыптыандырууда сөздүн ордун баса белгилөө, анын ордун ачып берүү жана кандай иш-аракеттер, сөздүн жардамы менен баланы

ийгиликтүү кылып тарбиялоо. Бала ата-эненин сүйүүсүн жана канааттануу сезимин камсыз кылуу үчүн идеалдарынын алкагына кысылууга туура келет. Мындай учурда, ал өзүнүн мүнөзүнө жана жөндөмүнө туура келбеген туура эмес жолго түшөт, ал көбүнчө толугу менен фиаско менен бүтөт. Бирок бала өзүнө жат талаптарга каршы чыгып, ошону менен аткарылбай калган үмүттөн улам ата-эненин көңүлүн калтырат жана натыйжада, бала менен ата-эненин ортосундагы мамиледе терең чыр-чатактар жаралат [3].

Ар бир ата-эне азыркы күндө баламды кантип тарбиялуу кылып чоңойто алам, канткенде ал өзүн бактылуу сезет, кантип анын бул жашоодо өз ордун табууга жардам берсем болот деген маселенин астында ой жүгүртөт. Чындыгында эле баланын бактылуу жана ийгиликтүү болуп калыптануусуна ким таасир берет же эмнелер таасир берет деген суроо актуалдуу бойдон калууда. Албетте, ошол ийгиликтүү баланын үлгүлүү тарбия алуусуна ар бирибиз жоопкербиз. Коомдогу ар бир кубулуш, ар бир окуя, ар бир айткан сөзүбүз, ар бир иш-аракетибиз баланын адам болуп калыптануусунда чоң маниге ээ. Кээде сиз тааныбаган, сизди тааныбаган бала үчүн сиздин жүрүм-турумуңуз, сүйлөгөн ар бир сөзүңүз, кылган манераларыңыз, иш-аракетиңиз бала үчүн 100%га болбосо да 50%га кыйыр түрдө таасир бере алат. Баарыбызга маалым болгондой, бала дүйнөнү көз менен көргөн образдары аркылуу тааныйт. Күндөлүк турмушта кездешүүчү жагдай, кичинекей баланын башынан сылап "Азаматсың, сени менен сыймыктанам" деген бир эле сүйлөм баланы күчтөндүрүп, өзүнө болгон баасын жогорулатып, андан ары шыктандырып, дагы да мыкты болууга, мындан да жогорку жетишкендиктерге жетүүгө болооруна шарт түзөт. Мындай мисалдардын миңдегенин көрсөтүүгө болот. Биздин айтайын деген ой – баланы кантип сөздүн жардамы менен туура жүрүм-турумга, туура адеп-ахлакка, эң негизгиси – үлгүлүү тарбиялоого жетишсе болоорун далилдөө.

Дүйнөлүк практика көрсөткөндөй, сөз жана ишеним баланын ийгиликтүү болушуна аябагандай зор таасир берет. Айталы, Японияда балдарга тарбия берүү иши бала төрөлгөн күндөн башталып, андан ары балдар бакчасында уланат. Булардагы өзгөчөлүк ата-эненин да, тарбиячынын да талап кыла билүүсү болуп саналат. Башкача айтканда, бала 3 жашынан баштап эле өз алдынча жумуш кыла алуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуп тарбияланат. Мында балдар бакчасындагы 3 жашар бала өзүнүн отурган ордун өзү тазалоо, тамактанган соң өз идишин жыйноо, төшөгүн жыйноо сыяктуу иш-аракеттерди аткара алат [6]. Мындай иш-аракет баладагы жоопкерчиликти жана тартиптүүлүктү артырат, ошондой эле өз алдынчалыкты калыптандырат. Ал эми еврейлерде бала 3 жашынан баштап долбоорлорду жаза баштайт. Буларда тарбия берүү жөнөкөйдөн татаалга деген системада ишке ашат, тыраагы, баланы долбоор, стартап жазууга калыптандыруу иши баланын 3 жашында башталат, мында алгач алар балдар бакчасына келген балдардын ар түрдүү сүрөттөрдү тандоо мүмкүнчүлүгүн берүү аркылуу алардагы кызыккан тармагын табышат, андан соң ошол тандаган сүрөтүнө байланышкан материалдарды топтоо тапшырмасы берилет, топтоп келген материалдарын ар бир балага өз алдынча эмне үчүн ушуну тандадың, эмне үчүн ушинтип ойлойсуң, эгер тескери болсо кандай болмок, бул сүрөттү дагы эмне менен алмаштырса болот деген сыяктуу суроолорду берүү менен балада өз оюн бекемдөө, долбоорду коргоо сапатын калыптандарат. Ушул эле процесс кайра уланат, б.а., ар бир баланын кызыккан тармагын аныктаган соң, окшош сүрөттү тандаган балдарды топко топтошот, мында аларды топ менен (команда) иштөө тажрыйбасын башташат. Бул аркылуу балдарда коом алдындагы жоопкерчилигин, топтогу ар бир бала менен баарлаша алуу, өз пикири менен бөлүшө алуу сапаттарын калыптандырат. Негизгиси – балада 6 жашка чейин кайсы тармакка кызыгуусу, кайсы тармактагы мыкты адис болоору аныкталат. Андан соң баладагы өзгөчөлүккө карап мектептин багыты тандалат. Мына ушундай ыкма аркылуу сөздүн жардамы менен, туура суроо берүү аркылуу баланын келечектеги кесибин тандоо шыгын таап чыгышат. Мындай мүмкүнчүлүк баланын кесибин тандоодо эч кандай тоскоолдуктарсыз, туура тандоого мыкты шарт түзүп берет [6].

Жогоруда айтылган ар бир баскыч сөз, ар бир жаңы предметти түшүндүрүү сөз менен ишке ашаарын баса белгилөөбүз керек. Демек, туура багыт алуу, сөз менен дал келүүсү керек. Бул биринчи жагы. Экинчиден, бизде "Жылуу сөз жыланды ийинден чыгарат" деген сөз бар. Чындыгында, жөнөкөй эле комплимент угуу адам үчүн кандай жагымдуу, б.а., бир гана жакшы сөз толук бир күн жылмайып жүрүүбүзгө шарт түзөт. Ал эми балдарда бул процесс чоңдорго караганда да жакшы таасир берет, анткени балага карата айтылган жылуу сөз анын келечекте кандай адам болуп калыптануусун да камтыйт.

Азыркы күндө илимде да, күндөлүк турмушта да "сөз терапиясы" (слово терапия) түшүнүгү кеңири кулачын жайып жаткан мезгил. Жада калса бул тармакты медицина адистери ден-соолукка да оң таасирин тийгизерин белгилеп келүүдө. Демек, сөз аркылуу баланын ден-соолугунан тартып, анын кандай адам болуп калыптануусу, анын ийигиликтүү, ийгиликсиз, бактылуу, бактысыз болооруна таасир берүүгө болот деген тыянак чыгарууга болот. Андыктан, балага күнүгө аз дегенде себепсиз 10 жолу "мен сени жакшы көрөм", "сен менин жашоомсуң", "мен сага ишенем" деген сыяктуу сөздөрдү айтуу сунушталат. Ошондой эле балага жомок айтуу, ар бир суроосуна так жана туура жооп берүү, ошол эле учурда балага суроо бе-

рүү “тен ата” оюнун ойноо, б.а., баланын денгээлине жараша суроо берүү жана жоопту ошол денгээлде талап кылуу, баланын ар бир кылган ийгилигин мактап туруу, ар дайым кучактап мээрим берүү аркылуу ийгиликтүү жана бактылуу баланы тарбиялай алабыз. Үй-бүлөдө зордук зомбулукка дуушар болуп чоңойгон балдар эч убакта бактылуу болуп чоңойгон балдардан өзүнө тең издебейт. Алардын психологиясы боюнча андай балдар өзүнү аларга теңсинбей, өзүнө окшогон инсанды издеп тапканга аракет кылышат. Анткени адам өзүнү кандай бааласа ошого тартылат. Эркек баланын ийгиликтүү болушу энеден көз каранды. Эгерде эркек бала энеден эң жакшы сөздөрдү угуп, колдоо көрүп, мээрим алса анда ал балада аялзатына сый урмат жаралып, оң сапаттар калыптанат. Кыз балдар ата тарабынан колдоого алынып, мээрими төгүлсө, эркекке болгон көз караш калыптанат [2].

Негизи балага тарбия берүү эненин курсагында башталуусу керек. Бул албетте сөздүн жардамы менен ишке ашат. Курсакты сылап бала менен сүйлөшүү, аны канчалык күтүүсүн сөз менен айтуу, жомок, ыр окуп берүү сыяктуу иш-аракеттер менен коштолуусу керек. Практика көрсөткөндөй бала канчалык мээримге бөлөнүп чонойсо, ал ошончолук бактылуу болот. Ал эми мээрим менен сөз тыгыз байланыштуу. Ушунун эле тескерисинчеси – “сен коркоксун”, “сенден ким чыкмак эле”, “ар дайым ушундайсын” ж.б.у.с. терс маанидеги сөздөрдү угуп чонойгон балада мээримсиздик, биактысыздык, коомду жек көрүү, ийгиликсиздик сапаттары калыптанып калган болот. Бул процессти бала да, ата-эне да байкабай калат. Балдарды тарбиялоодо ата энелерге ички жана сырткы факторлор таасирин тийгизет. Алар:

- Баланын мүнөзү;
- Ата-энелердин мүнөзү же ата энелердин деңгээли;
- Үй бүлө жашаган коом.

Баланын мүнөзү кайдан жаралат? Ата-энелердин белгилүү деңгээлде билимдүү же тарбиялуу ошондой эле тарбиясыз же билимсиз ата энелердин балдарга болгон мамилесинен жаралат. Эгерде ата-эне инсандык компотенттерге ээ болсо, анда балдарында оң сапаттар калыптанат. Ошондуктан кандай жагдай болбосун, ата-эне баласына жылуу сөз менен мээрим төгүү аркылуу анын келечекте мыкты инсан болуусун шарттайт. Мындан сырт, балада тил байлыгы канчалык бай болсо, ал ошончолук өз оюн терен, мазмундуу, түшүнүктүү, ачык, так-таамай кылып жеткире алат [4].

Жыйынтыктап айтканда, коомдун эн керектүү, эн жаш жеткинчектерди тарбиялоо азыркы күндүн да, эртенки күндүн да кечиктирилгис талаптарынан. Ошондуктан, балдарды тарбиялоодо сөз каражаттарын максаттуу пайдалануу аркылуу анын келечекте ийгиликтүү адам катары калыптануусун шарттоо. Эн негизгиси сөздүн жардамы менен баланы тарбиялуу, адеп-ахлактуу, бактылуу, ийгиликтүү инсан катары калыптандырууга жетишүү. “Ар бир бала бактылуу” деген принципке таянуу менен тарбиялоонун бардык түрүндө сөздүн кереметин ачып берүү жана сөздүн керемети менен бактылуу коомду тарбиялоого болоорун далилдөө.

**Адабияттар:**


1. Божович Е.И. Личность и ее формирование в детском возрасте. - М., 1968. - 314.
2. Саматова А.А., Миралы кызы А., Мурзаева А.К. Баланын өсүп өнүгүүсүнө ата-энелердин салымы. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 238-241.
3. Саматова А.А., Жаныкулова Г.Р., Жороева Р. Ата-энелердин балдарды тарбиялоодогу каталары. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2021. №. 8. С. 140-143.
4. Саматова А.А., Жаныкулова Г.Р., Кошматова Ж.Ж. Балдардын өсүп өнүгүүсүнө биогенетикалык факторлордун таасири. / Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 234-237.
5. Сулейман Хежебил. Которгондор: К.Акматов, Бактыбек кызы Сезим. Балдар психологиясы. - Б.: 2022. - 256;
6. Туракулова А. Баламды кантип туура тарбиялаймын. - Б., 2020. - 340.
7. Узакбаева С. Тамыры терен тербие. - Алматы.: 1995.- С.235.
8. Харламов И.П. Педагогика. - Москва, 1990. - 321.
9. Кошматова Ж.Ж. Явления эмоциональности и синонимии в языке. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2016. №. 8-1. - С. 52-55.
10. Саматова А.А., Жаныкулова Г.Р., Кошматова Ж.Ж. Влияние биогенетических факторов в развитии ребенка. Известия ВУЗов Кыргызстана. 2021. №. 3. С. 234-237